

# Адилеттүүлүк түшүнүгү боюнча жаңыча ой калчоо:

## Дүйнөдөгү гендердик теңчиликтин пайдубалын түптөө

Аялдардын абалы боюнча Комиссиянын 70-сессиясына карата Бахаи Эл аралык коомчулугунун билдирүүсү

*“Эч бир нур адилеттүүлүктүн нуруна тең келе албайт. Дүйнөдө тартипти жана элдердин арасында тынчтыкты орнотуу мына ошондон түздөн-түз көз каранды.”*

***— Бахаи ыйык жазмалары***

# Адилеттүүлүк түшүнүгү боюнча жаңыча ой калчоо:

## Дүйнөдөгү гендердик теңчиликтин пайдубалын түптөө

Ар бир адамга таандык болгон кадыр-барк жана сый урмат толук таанылган жана кабылданган адилеттүү коомдо жашоону баардыгы катуу эңсешет. Бүгүн дүйнөдө байма-бай болуп жаткан толкундоолордун өзөгүндө адилеттүүлүк маселелери жана миллиондогон адамдар туш болгон адилетсиздик кырдаалдар турат. Кээ бирөөлөр башкалардын эсебинен негизсиз артыкчылыкка ээ болуп жатканына, эрежелердин ыраатсыз жана негизсиз колдонулушуна, «система адилетсиз курулган» болуп, ишеним тутумунун өзү ишеним жаратпаганына наараазычылыгын билдирип келе жаткан ар түрдүү чөйрөдөн чыккан адамдардын саны өсүп жатат. Мына ушундай шартта адилеттүүлүккө умтулуу жана анын принциптерине бекем туруу — коомдун туруктуулугу, биримдиги жана өнүгүүсү үчүн канчалык маанилүү экени эч качан азыркыдай айкын болгон эмес.

Аялдар кылымдар бою гендердик негиздеги көнүмүш көз караштардан улам иш ордундагы дискриминациядан тартып үй-бүлөдөгү зомбулукка, экономикалык эксплуатацияга жана лидерлик орундардан четтетүүгө чейинки көрүнүштөгү ар түрдүү адилетсиздиктерге туш болуп келишти. Ушундан улам, быйылкы аялдардын абалы боюнча Комиссиянын темасы — аялдар менен кыздардын адилеттүүлүккө жетүүсүн камсыздоо жана чындоо — бүгүн да актуалдуулугун жоготпой келе жатат. Бул багыттагы жетишкендиктер, Комиссиянын приоритеттүү темасында же Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын (CEDAW) жалпы сунуштамасында белгиленгендей, көп учурда техникалык мүнөздөгү жылыштарды камтыйт. Көптөгөн өлкөлөр, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулукту кылмыш катары караган жана жабырлануучуларды коргоону күчөткөн мыйзамдарды кабыл алышты же күчөтүштү. Ошондой эле эмгекке катышуу, ишкердик, мурастоо жана жер укугу сыяктуу тармактарда дискриминациялык саясаттарды жоюу аракеттери күч алып барат. Мындан тышкары, эл аралык жана улуттук сот системаларында аялдардын судьялык кызматтарда иштөөсү туруктуу өсүүдө.

**«Мына ушундай шартта адилеттүүлүккө умтулуу жана анын принциптерине бекем туруу — коомдун туруктуулугу, биримдиги жана өнүгүүсү үчүн канчалык маанилүү экени эч качан азыркыдай айкын болгон эмес.»**

Тилекке каршы, жетишилген ийгиликтердин масштабы жана ишке ашырылышы ырааттуу болбогондуктан, бүгүнкү күндө алар дүйнө жүзү боюнча чоң коркунуч алдында турат. Ошондой эле, бул жааттагы көптөгөн жетишкендиктер негизинен мыйзамдык мүнөздө, демек алар аялдар менен кыздардын күнүмдүк жашоосундагы реалдуу жылыштарга алып келиши керек. Негизи, адилеттүүлүк деген сот тутуму менен гана чектелбейт, ал эми мыйзам кандай гана мыкты жазылган болбосун, ал толук кандуу аткарылганда гана пайдалуу натыйжа берет. Тажрыйбабыз көрсөтүп тургандай, эгер адамдар адилеттүүлүк жана гендердик теңчилик принциптерин жеке деңгээлде карманбаса, бул принциптерди коргоого багытталган мыйзамдар дайыма бурмаланып же көз жаздымда калуу коркунучунда калат. Өзгөрүүлөр жеке адамдын жүрөгүндө жана аң-сезиминде да, ошондой эле ар бир коомдун жалпы маданиятында да орун алуусу зарыл. Андыктан Комиссиянын алдында турган эң негизги милдет бир эле учурда өтө кенен жана терең мүнөзгө ээ —

**« Негизи, адилеттүүлүк деген сот тутуму менен гана чектелбейт, ал эми мыйзам кандай гана мыкты жазылган болбосун, ал толук кандуу аткарылганда гана пайдалуу натыйжа берет.»**

жынысына же башка кандайдыр бир өзгөчөлүгүнө карабастан, бардык адамдар үчүн адилеттүү жана тең укуктуу коомдорду куруу.

**«Өзгөрүүлөр жеке адамдын жүрөгүндө жана аң-сезиминде да, ошондой эле ар бир коомдун жалпы маданиятында да орун алуусу зарыл.»**

Мындай көрүмгө умтулуу формалдуу сот институттарын гана эмес, ошондой эле жергиликтүү жамааттарды жана өз айланасында адилеттүү мамилелерди өнүктүрүүгө аракет кылган жеке адамдардын да катышуусун талап кылат. Бул багыттагы умтулуштар салттуу адилеттүүлүк теориялары менен бирге эле, коомдогу социалдык алакаларды калыбына келтире турган, аларга даба боло турган кеңири концепцияларды да камтыйт, мисалы белгилүү бир кырдаалдарда акыйкат баалоонун аркасында адилеттүүлүк чындыкты орното турган курал боло алса, же жамаат адилеттүүлүк аркылуу өз өнүгүү жолун эркин аныктап жана ошол жолду жолдой алса. Натыйжада, адилеттүүлүк деген эмне жана адилеттүү коом кандай иштеши керек деген түшүнүктү түп-тамырынан бери кайра карап чыгуу талап кылынат. Анткени адилеттүүлүк сыяктуу баалуулукту теориялык жактан таануу деген башка; ал эми аны жеке жүрүм-турумда толук кабыл алуу — таптакыр башка нерсе; ошондой эле коомдук нормалар менен институттарды бул баалуулукту жамааттык деңгээлде чагылдыргандай кылып өзгөртүү — андан да татаал милдет.

*

Ар бир аймакта адилеттүү коомду кантип курууга болоорун изилдөө - дүйнөлүк бахаи жамаатынын негизги максаттарыны бири болуп саналат. Бул багытта Бразилияда бахаи принциптеринен шыктанган бир демилге ишке ашырылып, академиялык чөйрөдөн, муниципалдык бийлик органдарынан, жарандык коомдон жана диний жамааттардын өкүлдөрүнөн турган жүздөгөн катышуучулардын башын бириктирди, алардын көпчүлүгү гендердик теңчилик жана адам укуктары маселелери менен алектенген адистер. Демилгенин максаты — адилеттүүлүк түшүнүгүн кантип тереңдетип жана кеңейтсе болорун изилдеп, гендердик теңчилик, биримдик жана тынчтык сыяктуу максаттарды мындан да натыйжалуу алдыга сүрөө.

«Адилеттүүрөөк коом куруунун келечегин түптөө» темасынын алкагында үзгүлтүксүз талкуулар катары уюштурулган бул демилге, терең социалдык өзгөрүүлөр болушу үчүн адилеттүүлүктүн орун алышына өбөлгө түзгөн же тоскоол болгон негизги баалуулуктарды терең изилдөөнү талап кылынаарын моюндайт. Катышуучулар теңсиздик, расизм жана сексизм сыяктуу структуралык адилетсиздиктерди жоюуда, кызматташтык, өз ара кам көрүү жана ар түрдүүлүктөгү биримдик сыяктуу сапаттар негизги курал экенин дайыма баса белгилеп келишет.

**« терең социалдык өзгөрүүлөр болушу үчүн адилеттүүлүктүн орун алышына өбөлгө түзгөн же тоскоол болгон негизги баалуулуктарды терең изилдөөну талап кылынаарын моюндайт.»**

**«Анткени адилеттүүлүк сыяктуу баалуулукту теориялык жактан таануу деген башка; ал эми аны жеке жүрүм-турумда толук кабыл алуу — таптакыр башка нерсе; ошондой эле коомдук нормалар менен институттарды бул баалуулукту жамааттык деңгээлде чагылдыргандай кылып өзгөртүү — андан да татаал милдет.»**

Бул форумдардын алкагында ошондой эле коомдогу кеңири тараган тенденциялар — ашыкча керектөө, жеке ырахатка умтулуу жана атаандаштык — бөлүнүүнү күчөтүп, чыныгы жамааттык прогресске тоскоол болушу мүмкүн экени изилденет. Ушул тенденциялар менен аларды шарттаган баалуулуктарды сынчыл баалоо аркылуу катышуучулар социалдык мамилелерди калыптандырган жалпы түшүнүктөр боюнча жаңы көз караштарды өнүктүрүп келишет.

Мисалы, адамдык кадыр-барк жеке укуктар менен гана чектелбестен, жамааттык жоопкерчилик жана өз ара байланыштуулук түшүнүктөрүн да камтый турганын баса белгилешет.

Демилгенин негизги милдеттеринин бири — концептуалдык изилдөөлөр менен конкреттүү аракеттер жана жаңы жүрүм-турум үлгүлөрүнүн ортосундагы тыгыз байланышты камсыз кылуу болгон, айрыкча адилеттүүлүк идеяларын жайылтуу жаатында. Мындай аракеттер алгач байкоо жүргүзүү менен башталган, маселен Бразилияда социалдык адилеттүүлүк идеяларын илгерилетүү боюнча демилгелер өтө көп болгонуна карабастан, адаттагы кызматташуулар көбүнчө уюмдарды мейкиндик талашуу, көпчүлүккө таанылуу жана ресурстар үчүн бири-бири менен атаандашууга түртөт. Буга жооп катары уюштуруучулар форумдарды жаңыча түзүп, катышуучуларды бөлүнүүгө алып келген ойлом менен жүрүм-турум адаттарынан алыстап, алардын бардыгын бирдей шыктандырган бийик максатка — адилеттүү коом курууга бүт ыкласын коюуга жардам бергендей кылып уюштурушкан.

> «Адамдын чыныгы кадыр-баркы обочодо өзү менен өзү болгондо толугу менен чагылдырылышы мүмкүн эмес; ал жамааттын жашоосуна үзүрлүү катышканда гана ишке ашат, бул жерде ар бир адам жалпы бакубаттуулукка өз салымын кошуп, ошол жакшылыктан өз үлүш алат».

Натыйжада катышуучулардын максаттары мурдагыдан да айкын такталып, алардын ортосунда өз ара колдоо жана көмөктөшүү байланышы бекемделген. «Менин ишимде өзгөргөн нерсе — бул диалог жана кызматташтык үчүн мейкиндиктерди түзүү зарылдыгын мурдагыдан да жакшыраак түшүнө баштаганым болду», — дейт катышуучулардын бири. «Бул жалпы максаттарга жетүүгө шарт түзүп гана койбостон, бизге бир тилде сүйлөөгө, жалпы стратегияларды кабыл алууга жана укуктар багытында натыйжалуураак жыйынтыктарга жетүү үчүн бири-бирибизди колдоого мүмкүнчүлүк берет.»

*

«Адилеттүүрөөк коом» демилгесинин алкагында жетишилген ийгиликтер процесстердин натыйжалуулугу жана жыйынтыктардын таасирдүүлүгү жагынан алганда эл аралык деңгээлде да чыгармачылык менен колдонууга боло турган үлгү катары кызмат кыла алат. Мисалы, Аялдардын абалы боюнча Комиссия адилеттүүлүктүн негиздерин, анын аялдар жана кыздар үчүн тийгизген таасирин жана алардын адилеттүүлүктү чыңдоодогу салымын терең жана туруктуу изилдөөгө багытталган ушуга окшош

мейкиндиктерди түзө алат. Комиссия ар түрдүү кызыктар тараптарды атаандашпастан, кандай институттарга таандык экенине маани бербестен, моралдык принциптерге бекем болууга умтулууну колдоп, бирдиктүү көз карашты бекемдеп жана биргелешкен аракеттерди өстүрүүгө багытталган демилгелердин айланасына чогулта алат. Мындай кадамдарды ишке ашыруу менен Комиссия көп тараптуу тутумда чыгармачыл реформалардын зарылдыгын тааныган маселен, UN80 сыяктуу башка глобалдык демилгелерге маалымат булагы болуп бере алмак жана Комиссиянын өзүнүн ишмердүүлүгү да жанданмак.

С Тилекке каршы, бүгүнкү күндөгү жан кейиткен чындык, дүйнө жүзүндөгү коомдук агымдар жеке кызыкчылыгы үчүн же бийлик үчүн күрөштө адилеттүүлүк менен теңчилик, чынчылдык менен абийирдүүлүк сыяктуу касиеттерди четке кагууга даяр экенин жана мындай тенденция өсүп жатканын көрсөтүүдө. Бул сыяктуу өзөктүү принциптерге — анын ичинде гендердик теңчиликке каршы аргументтер кайрадан күчөп, коомдук талкуунун ар кыл деңгээлдеринде барган сайын агрессивдүү мүнөзгө ээ болууда. Ага карабастан учурда ар тараптан байкалган баш аламандык менен айласыздык, ачуулануу менен кайдыгерлик, бөлүнүү менен касташуу айдан ачык көрсөтүп турат: жогорку моралдык сапаттарды дайыма эле четке кагып келүү мүмкүн эмес, чындыгында, алар туруктуу коомдун пайдубалы катары кызмат кылат. Саясатта жана мыйзам чыгарууда, маданиятта жана күнүмдүк жашоодо адилеттүүлүккө таянган коомдук түзүлүш акыр аягында анын бардык мүчөлөрүнө — эркектерге да, аялдарга да, уулдарга да, кыздарга да пайда алып келет. Ошондуктан адилеттүүлүктүн коомдук негиздерин кайра карап чыгуу жана чыңдоо — баарыбызга бирдей зарыл болгон шашылыш иш. Комиссиянын алкагында же андан сырткары болсун, гендердик теңдик принциптерин колдогондордун бардыгы ушул маанилүү ишти алдыга сүрөө үчүн умтулуп, биргеликте күч-аракеттерин жумшасын.

**«жогорку моралдык сапаттарды дайыма эле четке кагып келүү мүмкүн эмес, чындыгында, алар туруктуу коомдун пайдубалы катары кызмат кылат. Саясатта жана мыйзам чыгарууда, маданиятта жана күнүмдүк жашоодо адилеттүүлүккө таянган коомдук түзүлүш акыр аягында анын бардык мүчөлөрүнө — эркектерге да, аялдарга да, уулдарга да, кыздарга да пайда алып келет.»**

Bahá'í
International
Community

Copyright © 2026
Bahá'í International Community

866 United Nations Plaza, Suite 120
New York, NY 10017
www.bic.org